*УДК 81'373*
*DOI: 10.35254/bhu.2021.52.13*

***Жалилова Н. К.***
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун*
*окутуучусу*

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ЖЕРДИ ИШТЕТҮҮГӨ БАЙЛАНЫШТУУ КЕСИПТИ БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР

# СЛОВА В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ, ОБОЗНАЧАЮЩИЕ ПРОФЕССИИ, СВЯЗАННЫЕ С ОБРАБАТЫВАНИЕМ ЗЕМЛИ

# AGRICULTURAL PROFESSIONAL WORDS IN KYRGYZ LANGUAGE

***Аннотация:*** *Азыркы кыргыз тилинин бай лексикалык составынын толукталышында элибиздин мал чарбачылык менен эле жашап жүрбөстөн жерди иштетип, жерден тапкан азык заттарына байланыштуу ар түрдүү сөздөрдүн пайда болушунун ролу да өтө зор жана дыйканчылык өнөрлөрү боюнча жаралган сөздөр, башка лексикалык бирдиктер абдан көп болгон. Ошону менен бирге дыйканчылыкты кесип кылган адамдар тарабынан ошол өнөрчүлүктө колдонулган сөздөрдүн тобу да бир топ арбын.*

*Дыйканчылыктагы эң негизги нерсе жер иштетүү, жерге мамиле кылуу, жердин сырын билүү болуп саналат. Демек, кыргыздарда жерге мамиле кылуу боюнча кесип, өнөрлөрдүн илгертен бери эле болуп келе жатканын айта алабыз. Ошондуктан бул макала кыргыз тилиндеги жер менен иштеген, жерди өздөштүрүүнүн сырларын билүүгө багытталган кесиптерди изилдөөгө багытталды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *дыйкан, аштыкчы, шалычы, жалчы, тегирменчи, орокчу, кепсен, мандикер, каракчы, Баба дыйкан, арпачы ж.б.*

***Аннотация:*** *В пополнении нынешнего богатого лексического состава кыргызского языка большую роль сыграло появление слов, связанных с тем, что наш народ жил не только разведением домашнего скота, но и выращиванием урожая. Есть слова и много лексических единиц появившихся благодаря ремеслам сельского хозяйства. Вместе с тем, людьми, которые избрали земледелие профессией, используются много слов связанных с их ремеслом.*

*В сельском хозяйстве самое главное это обработка земли, отношение к земле, знание секретов земли. Следовательно, мы можем сказать, что у кыргызов, профессии, ремесла связанные с земледелием, идут с давних времен. Поэтому эта статья направлена на изучение профессий связанных с земледелием, освоением земель в кыргызском языке.*

***Ключевые слова:*** *крестьянин, земледелец, рисосеятель, наемный работник, мельник, жнец, подарок с зерном тока, чернорабочий, манекен, Баба дыйкан (покровитель земледелия), ячмень, вода и т.д.*

***Annotation***: *In replenishing the current rich lexical composition of the Kyrgyz language, a large role was played by the appearance of words related to the fact that our people lived not only raising livestock, but also growing crops. There are words and many lexical units that appeared due to the crafts of agriculture. At the same time, people who choose farming as a profession use many words related to their craft.*

*The main thing in farming is agriculture, how to treat to it, to know the secrets of land. So we can say that Kyrgyz people know about agriculture and its professional words from ancient time. That's why this article is about the professions how to work with land and the professions who know the secrets of land in Kyrgyz language.*

***Key words:*** *farmer, ashtykchi, shalichi, server, miller, reaper, kepsen, servers, robber, Baba farmer, arphachi.*

Кыргыз тилинин сөздүк курамында башка тилдегидей эле, жалпы элге кеңири түшүнүктүү эмес, кесиби боюнча байланышкан адамдардын кебинде гана кеңири колдонулган жана ошолор үчүн түшүнүктүү болгон сөздөр кездешет. Мына ушул кесип менен байланыштуу сөздөр кесиптик сөздөр деп аталат.

Кыргыздар байыркы мезгилдерден бери эле мал чарбачылыгы, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, аңчылык, кийинчерээк бакчылык, бакчачылык, жибекчилик, тамекичилик сыяктуу ар түрдүү кесиптер менен күн өткөрүп келишкен. Ошон үчүн кыргыз тили ар кандай кесиптик сөздөргө бай [1. 33-б]. Алардын ичинен азыркы кыргыз тилинин бай лексикалык составын толукталышында элибиздин мал чарбачылык менен эле жашап жүрбөстөн жерди иштетип, жерден тапкан азык заттарына байланыштуу ар түрдүү сөздөрдүн пайда болушунун ролу да өтө зор жана дыйканчылык өнөрлөрү боюнча жаралган сөздөр, башка лексикалык бирдиктер абдан көп болгон. Ошону менен бирге дыйканчылыкты кесип кылган адамдар тарабынан ошол өнөрчүлүктө колдонулган сөздөрдүн тобу да бир топ арбын.

Тактап айтканда дыйканчылыктагы эң негизги нерсе жер иштетүү, жерге мамиле кылуу, жердин сырын билүү болуп саналат. Демек, кыргыздарда жерге мамиле кылуу боюнча кесип, өнөрлөрдүн илгертен бери эле болуп келе жатканын айта алабыз. Бул макалада биз кыргыз тилиндеги мына ошондой жер менен иштеген, жерди өздөштүрүүнүн сырларын билүүгө багытталган кесиптер тууралуу сөз кылабыз.

Жер менен иштеген, жерге бирдекелерди сээп өстүргөндүктү билдирген кесип, кесиптин ээси **дыйкан** деген иран тилдеринен өздөштүрүлгөн сөз. Кээде *дыйканчы* деп да айтылат. Сөзгө минтип кесипти билдирген *-чы* мүчөсүнүн жалганганы ашыкча. Кыргыз тилинде ушундай ашыкча экенине карабай *-чы* мүчөсү көп эле сөздөргө жалгана берет. **Мерген** деген аңчылык кесипти билдирет да, ага *-чы* мүчөсү жалганып *мергенчи* деп да айтылат. Бул мүчөнүн ашыкча жалганышынан пайда болгон, *касап - касапчы, ашпоз - ашпозчу* деген сыяктуу бир нече сөз бар.

Мифтик түшүнүк мааниси менен *Баба дыйкан* деген сөз бар [2. 205-б]. Жерге дан өсүмдүктөрүнүн үрөнүн сепкеп киши (дыйкан) ишти «Менин колум эмес, *Баба дыйкандын* колу», деп баштап үрөн себет. Бул дандын жакшы өнүп чыгышын, түшүмдүн арбын болушун жараткандан тилегендик мааниси менен айтылган сөз.

**Баба дыйкан** - кыргыздын аңыздык түшүнүгү боюнча эгинчиликтин ээси. Ал үрөөндөн баштап, чечтеген кызылдын, жалпы эле дандын пири болуп, данды коргоочу, калкалап өстүрүүчү деп каралган.

Кыргыздын аңыздык элесинде Баба дыйкан «боз кептер» болот имиш. Ал эгинди, кызылды калкалап, эгинчиликке берекет алып келет деген аңыз айтылат.

Жуңго кыргыздарында (кээ бир жерлерде) ушул күндө кыргыздын кызылын сузарда эки ырым жасашат: анын бирөө, «Аккуланын акы үчүн» элден мурда бир күрөк сузүп, кырмандын төрүнө коюп коёт. (Бул «Манас» эпосундагы Манастын буудай эгип, ал буудайга Аккула тайды алмаштырып келген окуясы менен кандайдыр бир тектик байланышы ырымдык жорук менен сакталып калган болсо керек). Ал эми дагы бир ырым, кызыл сузганда «*кепсен*» бермей бар. Жарды-жалчыга дандан *кепсен* бөлөт. Ушунун бардыгы Баба дыйканга байланыштуу түшүндүрүлөт [3. 13-б].

Совет өкмөтүнүн алгачкы жылдарында *орто дыйкан, кедей дыйкан* деген саясий маанидеги сөздөр (татаал сөздөр) пайда болгон. *Орто дыйкан* деп өз күчү, өз эмгеги менен оокаттуу боло алып күн көргөн кишини айтышкан. *Орто дыйканды* ошол кездеги өкмөт эч кимди эксплуатациялабай өз күчү менен байыган киши деп эсептеген. Ал эми колунда жок адамды *кедей дыйкан* деген. Бул сөздөрдүн саясий мааниси болуп саналат, *кедей дыйкан* колунда жок болуп жакыр жашайт да, *жумушчуларга* (пролетариатка) кошулат. Ал эми *орто дыйкан* буржуазиядай болуп башка бирөөнүн эмгегинен пайдаланып байыган эмес, ошондуктан буларды да жумушчулардын тарабына тартуу оңой деген саясий бүтүм болгон.

Советтер Союзу учурунда кыргыз акын-жазуучулардын бардыгынын өмүр баянында «*кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган*» деп жазылган болчу. Бул деген ошол кездеги мамлекеттин саясатына ылайыкташуунун белгиси болгон.

Кыргыз тилинде *дыйкан* деген сөз активдүү лексиканын катарында колдонулат, андан метофораланып көп нерсени билген кишини *акылга дыйкан* деген сөз менен да айтышкан, бул *акылдуу* деген сөздүн синоними.

*Дыйканчылык* өнөрлөрүнүн ар түрдүү тармактарын билдирген сөздөр кыргыз тилиндеги өнүмдүү куранды (сөз жасоочу мүчө) мүчө *-чы* мүчөсү менен жасалган сөздөр бар.

**Аштыкчы.** Байыркы замандардан бери эле эл оозунда айтылып, жер иштетип дан өсүмдүктөрүнүн түшүмүн өндүргөн кесипти билдирген бул сөздү К.К-.Юдахин тарыхый *сөз* деп каттаган. Биздин оюбузча атактуу лингвист, лексикограф сөздүктө бул сөзгө бир аз саясий түс берип жазган. Окуйлу, «**аштыкчы** 1. *ист.*

человек, обязанный слезать за посевами бая и поливать их (*за что получа часть урожая равную, примерно, количеству посеянных семян*)» деп которгон [2. 85-б]. Сөздүн бул маанисинин ошол кездеги саясатка ылайыкташтырылып, жасалма экендиги элдик оозеки чыгармаларда **аштык** деген сөздүн көп учурагандыгы менен аныкталат.

«Үркөр, үркөр, топ жылдыз,
Учуп кайда барасың?
Жоожелимге барамын,
Жоожелимде эмнең бар?
*Аштык* айдар уулум бар,
Жибек созор кызым бар?» - деп кыргыздарда илгертен бери эле *аштык айдагандык* өнөрдүн, кесиптин болгондугу элдик оозеки чыгармаларда айтылып келе жатат.

*Аштык, аштыкчы* деген сөздөр менен бирге **арпачы** – арпа сээп өстүргөн адам, **буудайчы** – буудай сээп өстүргөн адам деген сөздөр тилибиздин лексикалык составында бар. Ошондой эле **кошчу** – кош айдоочу, кош өгүз менен жер айдоочу киши; **эгинчи** – эгин эгип күн көргөн адам (дыйкан); **кароолчу** – жерге себилген дан өсүмдүгүн бышканча, кырман көтөрүлүп, кызылы капка салынып ташып кеткенге чейин карап жүргөн адам; **отоочу** – шалы отогонго маш киши; **шалычы** – шалы өстүрүү менен гана иштеген дыйкан; **орокчу** – орок оргонго маш киши, комбайндар чыга элек замандарда эгин кол менен орулуп, бышып кургап турган дан өсүмдүктөрүнүн данынын күбүлүп калбашын камсыз кылып этияттап, бирок мыкты орок оргон *орокчулар* болгон; **кырманчы** – кырманды карап, кырмандагы иштерди жакшы билген, кырман жанчканды жакшы өздөштүргөн адам.

Бул сөздөрдүн бардыгы сөздүн негизиндеги маанилерге байланыштуу кесип аттары болуп саналат.

Бара-бара адамзаттын ишмердигинде дыйканчылык өнүгүп, *сокочу, тракторчу, сеялкачы, комбайнчы, жардамчы* (сеялкачынын, комбайнчынын) деген кесипти билдирген сөздөр пайда болгон. Бул сөздөр мына ошондой техникалык жетишкендиктерге байланыштуу, ошол техникаларды башкарган кесип, өнөрлөрдүн аттары катары жаралган. Көрүнүп тургандай, булардын жасалышында да өнүмдүү *-чы* мүчөсү катышып жатат.

Илгерки замандардан бери эле адамзат дан өсүмдүктөрүн азык зат катары пайдалануу үчүн тегирменди иштетишкен да, аны башкарып, карап иштеткен кишини *тегирменчи* деп атаган. Кыргыздарда дайыма суу менен жүргүзүлгөн тегирмен болгон. **Тегирменчи** деген сөздүн түпкү уңгусу С.А.Давлетов айткандай *тегир - тегер* (*тегерек* деген сөздөгү) деген байланышма уңгу болуш керек деп эсептейбиз [4. -б]. И.Абдувалиев бул сөздүн тегинин *тек - тег* экенин монгол тилдериндеги тэг - ноль; колесо (*маленькое*) деген бир муунду уңгу сөздү мисал кылып далилдеген [5. 180-б].

К.К.Юдахиндин сөздүгүндө тарыхый сөз катары түштүк диалектилеринде жолуккан **каралкы** деген сөз катталган [2. 348-б]. Эскирип унутулуп кеткен бул сөздүн мааниси *жалданып иштеген киши, кул* болуп саналат. Тилдин тарыхый өсүп-өнүгүш тарыхында бул сөздү кыргыз тилинин лексикалык составынан **жалчы** деген сөз сүрүп чыгарган. Азыркы кезде *жалчы* деген сөз да эскирип, колдонуудан чыгып баратат. Жалданып иштеген кишини *жалчы* (жал+чы) дейт. Бул сөз XX кылымдын биринчи жарымында активдүү колдонулгандыгын ошол кездердеги адабияттардан окуп билебиз. Сөздүн уңгусу, байланышма уңгусу, *жал* экендиги далилденген: «**жалчы** (*жал+чы* типа *мал+чы* пастух), *хак. ист.* **чалчы** – наемный работник, батрак; наемный; *хак. чал* – наем, наемный труд; плата: *кар.* **йалчы** - слуга, служанка; наемник» [5. 54-б].

Адамзаттын турмушу улам өзгөрө берет. Элдин ар башка элдер менен коңшу жашагандыгынан ошол элдердин тилинен сөздөр кабыл алынып өздөштүрүлө да берет. Ошентип, кыргыз тилинин лексикалык составына тажик тилинен келип кирип өздөштүрүлгөн сөздөрдүн арасында дыйканчылыкка байланыштуу кесипти билдирген сөздөр пайда болгон. Көп жылдар бою иран-перс элдери менен коңшу жашап жүрүп, ошол элдердин тилинен көп сөздөр өздөштүрүлгөн. Иран тилинен келип кирип өздөштүрүлгөн сөздөрдүн ичинен дыйканчылыктагы кесип аттары да бар.

*Дыйкан* деген сөздүн өзү жер иштетүүчү болуп саналат, ошондой эле *кепсенчи* (айрым жерлерде *гепсенчи* деп айтылат) деген сөз бар. Бул эгин орулуп, *кырман көтөрүлүп кызылды* каптап кетээрде келип *кепсен* сураган киши. К.К.Юдахин бул сөздү (*кепсен*) иран тилинен келип кирген деп эсептеп, эки маанисин каттаган: «**кепсен** *ир. 1. ист.* вознаграждение местной администрации зерном с тока (***своеобразный вид поборов***); 2. *этн.* подарок зерном с тока (***во время молотьбы к току мог подойти каждый и попросить немного зерна; отказывать было не принято***)» [2. 375-б]. Илгери кыргыздарда бул салт катары болуп, кырман көтөрүлөрдө *кепсенчини* күтүшкөн.

Кошуна жашаган иран элдеринин айрымдары кыргыздардын жерин иштетип, түшүмүнөн бөлүшүп алышкан. Мына ушундай эмгекчилерди ошол иран тилдеринен өздөштүрүлгөн сөз менен *чайрикер* деп айтышкан. Эскирип тарыхый сөздөрдүн катарына өтүп калган бул сөздүн составында иран тилдеринен келип кирген *-кер* деген куранды (сөз жасоочу мүчө) бар. Бул куранды мүчө атооч сөздөрдөн зат атоочторду жасоочу аз өнүмдүү куранды мүчө болуп катталып, *айлакер, айыпкер, боорукер, жароокер, жасакер, кызматкер, ишкер* деген сыяктуу бир топ сөздөрдүн жасалышында бар [5. 103-б]. Ошентип, иран тилдеринен өздөштүрүлүп келгенине карабай кыргыз тилинин төл сөздөрүнөн да (*ишкер, боорукер* ж.б.) сөз жасай турган касиетке ээ болгон. Ал эми *чайрикердин* биринчи бөлүгү иран тилдеринен келип кирген *чейрек* деген сөзү болуп саналат. Бул сөз *төрттөн бир* деген маанидеги сөз. Чейрек *гор* - төрт, *йак* - бир деген сөз болуп эсептелет.

Демек, жерди иштеткен жалчы алынган түшүмдүн төрттөн бирин алам деп макулдашышкандыктан ошол жалчы *чайрикер* деп аталган.

Жерди иштетүү боюнча жалданып иштегендерди *мандикер* же *мардикер* деп да аташкан. К.К.Юдахин тарабынан сөздүккө бул эки вариантта айтылыштагы сөздүн эки түрү тең катталып, иран тилдеринен келип киргени көрсөтүлгөн. Сөздүктүн өзүнөн мисал келтирели: «**мандикер** то же, что **мардикер**; [2. 516-б]. «**мардыкер** ир.ист.**мардикер**; мардикер *ир. ист.* мардикёр, подённый рабочий, подёнщик, чернорабочий» [2. 516-б]. Бул сөздөрдө да куранды мүчө *-кер,* бул мүчө өзү иран тилдериндеги *кор - иш, иште, аткар* де-

ген маанилерди берген сөздөн келип чыккан. Ал эми *мандикер-мардикер* деген сөздөрдөгү биринчи бөлүгү, болжолу, иранча мард - киши, эркек деген сөзү болуп саналат. Кыргыз тилинин түштүк диалектилеринин говорлорунда *мәрдикер* болуп ичке айтылат.

Дан өсүмдүктөрүн канаттуулардан коргоо үчүн кээде дыйкандар эски чапанды, же башка бир нерсени эки колу эки жакка созулган абалдагыдай кылып таякка кийгизип эгиндин ортосуна сайып коёт. Канаттуулар, айрыкча дүрүлдөк чымчыктар киши экен деп коркуп, эгинге конбосун деген айла кылышат да, муну каракчы деп коёт. Сөз каракчыга окшоштурулуп метафораланган мааниси менен **каракчы** деп аталат.

Ошентип, дан өсүмдүктөрүн өстүрүп түшүм алуудагы кесипти билдирген сөздөрдө да коңшу жашаган иран элдери менен илгертен карым-катыш байланыштардын болгондук белгилери бар экенин белгилейбиз.

Башка кесиптеги адамдар бул сөздөрдүн бир тобун түшүнүшөт, айрымдарын түшүнүшпөйт жана кээде сүйлөө речинде колдонушу да ыктымал, бирок сейрек пайдаланышышат. Жыйынтыктап айтканда кыргыз тилиндеги жерди иштетүүгө байланыштуу кесипти билдирген сөздөр термин катары колдонулат жана адабий тилинин байышынын ички булагы болуп да саналат.

***Адабияттар:***

*1. Акунова А.Р., Райымбекова М. Азыркы кыргыз тили. Лексика. – Б., 2005.*

*2. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. – М.: Советская Энциклопедия, 1965.*

*3. Каада-салттар, ак баталар. – Б., 2003.*

*4. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология. – Ф., 1980.*

*5. Абдувалиев И. Словарь односложных корней и основ в кыргызском языке. – Б.: Улуу тоолор, 2017.*

***Рецензент: фил. ил. к., проф. Хурибаева Э.Г.***